DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Канназарова Б.У.*

# СОГДУЛУК КЫРГЫЗДАР

*Канназарова Б.У.*

# КЫРГЫЗЫ СОГД

*B. Kannazarova*

# KYRGYZ SOGDS

*УДК: 9.433.94*

*Бул макалада азыркы Тажик Республикасынын Согду облусу боюнча кыскача маалымат жана андагы жашаган этникалык кыргыздардын жайгашуу тарыхы жазылды. Согду жана андагы жашаган этникалык топтордун тарыхын алгачкы изилдөөдө античтик доордогу, орус жана чыгыш таануучулардын, жергиликтүү тарыхчылардын, маалымат берүүчүлөрдүн материалдары колдонулду. Макалада Согуда жашаган этникалык топтор менен кошо кыргыздардын да аймакатагы шаар - кыштактардын пайда болушуна кошкон салымы, отурукташуп калуу себеби жана учурагы этниканы сактап калууга болгон көйгөйлөр киргизилди. Согдуда деги эле чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздар арасында жүрүп жаткан этникалык процесстерди иликтөөгө алуу, чыныгы тарыхый-этнографиялык фактыларга таянып конкреттүү чечимдерди кабыл алуу жана анын негизинде бир топ иш-чараларды уюштуруу мезгил талабы экени маселе катары коюлган.*

***Негизги сөздөр:*** *Согду, Кожент, Исфара, Канибадам, Шахристан, Ашт, этникалык процесс, этникалык топтор, этникалык кыргыздар.*

*В статье дается краткий обзор о современной Согдийской области Республики Таджикистан и история проживающих в ней этнических кыргызов. При первоначальном изучении истории Согдианы и проживающих в ней этносов использовалось и предлогалось материалы античных авторов, русских и востоковедов, краеведов и информаторов. В статье обсуждается вклад кыргызов, а также этнических групп проживающих в Согдийской области в формирование городов и сел региона, причины их заселения и актуальные проблемы сохранения этносов. Влияние этнических процессов, происходящие в Согдийской области на этнических кыргызов, о принятии конкретных решений основанные на реальных исторических и этнографических фактах, и организовать на их основе ряд мероприятий.*

***Ключевые слова:*** *Согд, Ходжент, Исфара, Канибадам, Шахристан, Ашт, этнический процесс, этнические группы, этнические кыргызы.*

*The article provides a brief overview of the modern Sughd region of the Republic of Tajikistan and the history of ethnic Kyrgyz living in it. During the initial study of the history of Sogdiana and the ethnic groups living in it, materials from ancient authors, Russian and orientalists, local historians and informants were used and offered. The article discusses the contribution of the Kyrgyz, as well as ethnic groups living in the Sughd region, to the formation of cities and villages in the region, the reasons for their settlement and urgent problems of preserving ethnic groups. The influence of the ethnic processes taking place in the Sughd region on the ethnic Kyrgyz, on the adoption of specific decisions based on real historical and ethnographic facts, and to organize a number of events on their basis.*

***Key words:*** *Sogd, Khujand, Isfara, Kanibadam, Shahristan, Asht, ethnic process, ethnic groups, ethnic kyrgyz.*

Тажик Республикасынын Согд облусунда жашаган этникалык кыргыздар көп убакытка чейин илимий изилдөөлөрдүн объектиси болбой келген. Азыркы кезге чейин үстүрттөн гана изилденип, тарых илиминдеги актай барактардын катарын түзүп келет. Кыргыздар азыркы Согд облусунун аймагына качан, кантип, эмне үчүн барып калышкандыгы тууралуу тарыхта бир топ пикирлер жана көз караштар айтылганы менен бирдиктүү, конкреттүү жыйынтыктар жок. Болгону тарыхый божомолдор гана бар. Этникалык кыргыздар бүгүнкү күндө эмне кылып жатат?, маданияты, социалдык абалы кандай?, үрп-адаты менен каада-салты кандай өзгөрүп жатат?, сүйлөгөн сөзү менен кийген кийиминде кандай өзгөрүүлөр бар?, акыр аягында алардын келечеги кандай болот? Сыяктуу суроолор суроо бойдон калып калууда. Кыргызстан тарыхындагы изилдениши зарыл болгон маселелердин сыртынан байкалбаган, бирок элдин тагдыры менен келечегин аныктай турган күчтүү этникалык процесстер согдулук кыргыздардын этнос катары сакталып калышына залакасын тийгизип, коңшу күчтүү элдердин пайдасына жүрүп жатканы алардын кийим-кече, тил, үрп-адат, каада-салт, тамак-аш ж.б.у.с. жагдайлардагы өзгөрүүлөрдөн эле байкаса болот. Учурда согдулук кыргыздар өсүп келе жаткан жаш муундун өзүнүн эне тилин, маданиятын эстен чыгароо үчүн Кыргызстан тарапка көчүп жатышат. Бул көрүнүштүн жалпы согдулук кыргыздардын бүтүндүгүнө чоң коркунуч туудуруп, анын азыркыдай абалда уланышы дагы бир-эки муун өткөндөн кийин ал жерде кыргыз этносун таппай калышыбызга алып келээрине шек жок. Баяндалып жаткан тема Кыргызстан тарыхындагы актуалдуу маселелерден. Ошондуктан аны эртерээк изилдеп, тиешелүү чараларды көрүү зарыл. Согдуда деги эле чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздар арасында жүрүп жаткан этникалык процесстерди иликтөөгө алуу, чыныгы тарыхый-этнографиялык фактыларга таянып конкреттүү чечимдерди кабыл алуу жана анын негизинде бир топ иш-чараларды уюштуруу мезгилдин талабы деп ойлоймун.

Согду жана андагы жашаган этникалык топтордун тарыхын алгачкы изилдөө орус жана чыгыш таа-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



нуучуларга таандык. Башка мамлекеттерде жашаган кыргыздардын тарыхын изилдөөдө окумуштуулар көбүнчө орто кылымдарда жашаган илимпоздордун эмгектерине, элдик оозеки чыгармачылыкка (санжыраларга, уламыштарга) таянышкан. Өздөрүнүн эмгектеринде окумуштуулар согдудагы этникалык топтор качан? кантип? кайсыл тарыхый окуялардын негизинде барышты? же өз алдынча көчмөн мал чарбачылыктын негизинде отурукташып калышканбы? ж.б.у.с. суроолорго жооп тапканга аракет кылышкан. Кыргыздардын бул аймакта отурукташып калышына алардын көчмөн мал чарбачылыгы өндөнгөн чарбанын түрү менен байланыштуу болсо, экинчи жагынан, ар кандай саясий окуялардын тийгизген таасири болгон.

Согд Тажик Республикасынын административдик облустарынын бири. Учурда облустун борбору Кожент шаары. Облус 1939-жылы 27-октябрда Ленинабад облусу болуп түзүлгөн. 1962-жылы 28-мартта жоюлуп, 1970-жылы 23-декабрда кайрадан калыбына келтирилген. 2000-жылдын 10-ноябрда тарыхый аты кайра ыйгарылып Согд облусу болуп өзгөртүлгөн. Облус Тажикстандын түндүк жагында, Тянь-Шань жана Гиссар-Алай тоолорунун этегинде жайгашып, Ферагана өрөөнүн түштүк-батышынан орун алган. Климаты жайкысын ысык, кышкысын жылуу болот. Себеби күн ар дайым тийип тургандыктан кар бат ээрийт. Көбүнчө дыйканчылыкка, багбанчылыкка, мал чарбачылыкка өтө ыңгайлуу. Кыргызстан жана Өзбекстан республикалары менен чектешип турат. Учурда облус 8 шаардан: Кожент, Истаравшан, Бостон, Гулистан, Истиклол, Исфара, Пенджикент, Канибадам жана Айни, Ашт, Гафуров, Деваштич, Тоолуу-Матча, Дж. Расулов, Зафарабад, Истаравшан, Исфара, Канибадам, Матча, Пенжикент, Спитамен, Шахристан деген 14 райондон турат. Калкынын саны эки миллиондон ашык. Калкынын 24% – шаарда, 76% – айыл-кыштактарда жашашат. Статистикалык маалыматтарга караганда Согдуда жашаган элдерден тажиктер – 84,0%, өзбектер – 14,76%, орустар – 1,3%, кыргыздар – 0,73%ды түзөт деп берилет. Ал эми кыргыздардын саны 14000ден ашат. Бирок оффициалдуу эмес маалыматтарга караганда кыргыздардын саны мындан да көп болгон.

Деги эле коженттин тарыхын изилдөө көптөгөн окумуштуулардын көнүлүн өзүнө бурган. Байыркы жазуу булактарына таянсак Борбордук Азияда анын ичинде Кожентте алгачкы шаарларын пайда болушу, байыркы грек кол башчысы А. Македонскийдин Кожентке чейин келген мезгили туурасында античтик мезгилдеги грек жана рим авторлору Арриан, Квинта, Курция Руф, Юлиан Юстин, Плиния, Страбондун эмгектеринде жазылып калтырылган. А.Македонскийдин аскерлеринин Кожентке чейин басып кириши, Сыр-Дарыянын боюна шаар курулушу (азыркы Кожент шаарынын ордуна) жана аны «Александрия – Эсхата (четки Александрия) деп аталышы туурасында Баткен облусунун жергиликтүү кыргыз тарыхчысы А.Жаныбековдун «Ата-Мекен тарыхы Астанадан башталат» аттуу китебинде берилген. Анда А.Македонскийдин аскерлеринин азыркы Лейлек жергесинин Козу-Баглан (байыркы Кожо-Бакырган Сай) дарыясына чейин келгендиги жөнүндө, кыргыздардын ак калпагы жана Искендерн Зулкайнар (А.Македонскийдин жергиликтүү эл тарабынан коюлган аты) жөнүндө жергиликтүү эл оозунда сакталып келген уламышта кездешет [1, 252-б.]. Албетте ал мезгиле кыргыз деген улут болгон эмес. Бирок кыргыздардын ата-бабалары эсептелген (сактар же усундар) ушул аймакта жашагандыгы боюнча маалыматтар көптөгөн эмгектерде жазылып келет.

Согд облусунда этникалык топтордун пайда болушу аймактагы Кожент, Истаравшан, Канибадам жана Исфара аттуу чон-чон шаарларынын, айылкыштактардын пайда болушуна шарт түзгөн. Шааркыштактардын өсүп-өнүгүшүнө жаны жана сонку жаны мезгилдеги соода сатыктын, кол өнөрчүлүктүн, айыл чарбанын өнүгүшү себеп болгон. Буга түрк тилдүү элдердин ичинен көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образы менен алектенген кыргыздардын отурукташуусу да бул процессти тездетүүгө жардам берген. Этнографиялык маалыматтардын жана жазуу булактарына караганда кыргыздар шаардык кварталдардын түзүлүшүнө активдүү катышкандыгын көрсөк болот. Көптөгөн этникалык топтор чон шаардлардын Кожент, Оро-Төбө, Канибадам, Исфара, Пенжикент жана Курамин аймагынын (азыркы Матча жана Б.Гафуров районунун аймагы) айланасына өздөрүнүн кыштактарын түзүшкөн. Н.О.Турсуновдун жана В.И. Бушковдун, Н.Ахмедованын элдердин социалдык, этникалык жана статистикалык, гендердик түзүлүшү жөнүндөгү этнографиялык жана статистикалык маалыматына карганда XIXк.ая.-XXкк.баш. Коженттин жана анын айланасындагы Б. Гафуров районун кошкондо, Дж. Расулов, Ноо (Спитамен) райондорунун негизги этникалык топтору тажиктер, өзбектер, кыргыздар жана казактар түзгөнүн көрсөк болот [2, 29-б.].

Канибадам районунун Жигдали, Маданият (Санжиздар) айылындарында жалан кыргыздар жашаган. Бул жак кыргыздардын кыштоочу жери болгон [3]. Исфара районунда кыргыздар мурдатан отурукташкан болсо, кийинки Улуу Ата-Мекендик согушка чейин, согуштан кийинки жылдары кыргыздар жумуш издеп азыркы Баткен, Лейлек райондорунан келип калышкан. Өзгөчө азыркы Лейлек районунан Катран айылында жашаган абат

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



урууларынын бир тобунун Исфарада жумуш издеп келүүсүнүн бир себеби тууган-уруктарынын ушул аймакта жашагандыгы болгон. Кыргыздардын Исфара, Матпари, Данахол, Шороп, КИМ, Кыргыз кыштак ж.б. айыл кыштактарына олтурукташуусу менен айыл, кыштактардын түзүлүшүнө да катышкан. Алар бир гана Исфарадагы айыл кыштактарды түзүүдө активдүү катышпастан, Согд облусунун чыгыш тараптагы айылдарынан калыптануу процессине аралашкан. Исфаранын тоолуу жана тоо этектерине жакын жайгашышы көчмөн кыргыздарынын кыштоосуна мүмкүнчүлүк болгон. Жазуу булактарына караганда азыркы Исфара облусунда кыргыздар XIX к. аягы- XX к. башында жашаган делет. Бирок жергиликтүү калк 16 ата-бабасы ушул жерде жашап өткөндүгүн санжырасында далилдеп келишет. Эгерде ар бир муунду 25 жыл деп ала турган болсок анда кыргыздар бул аймакта 300-350 жылдан бери көчүп конуп жүргөн эл болгон десек болот.

И.В. Бушаковдун маалыматы боюнча Канибадам жана Исфара райондорунда негизги калкты тажиктер, өзбектер жана кыргыздар түзгөн [2, 276-б.]. Ошондой эле Ашт району эл жашаган аймак катары X к. эскертилет. Ашт районунда тажиктер менен тен тайлаша калктын түзүлүшүнө – курамалык тажиктер менен курамалык өзбектер, каракалпактар, түрктөр менен кошо кыргыздар да активдүү катышкан [5, 13-б.] Өзбек тилиде сүйлөгөн, бирок кыргызча каада салттарын колдонгон айылдары да болгон [3, 217-233-б.].

Истаравшан зонасынын тегиздиктеринде жана тоолуу аймактарында жана Фергана өрөөнүнүн батыш тарабында – азыркы Согд облусунун территориясында XVIII-XIX кк. Биринчи жарым жылдыгында жаңы отурукташуулар пайда болгон. Шахристан жана Оро-Төбө райондорунда тажиктер, өзбектер, кыргыздар жана казактар түзгөн. Ганчи районунда жалпы элдин санына карата (азыркы Деваштич) тажиктер, өзбектер, кыргыздар жашаган.

Муну менен азыркы Согд облусун аймагындагы этникалык процесстердин жүрүшүндө кыргыздардын да орду жана ролу бар экенидигин далилдесек болот.

Учурда кыргыздар Согдунун бир канча райондорунда жана шаарларында жашап келет. Мисалы Исфара, Канибадам, Ашт, Б. Гафуров, Дж. Расулов (Пролетарск), Спитамен (Ноо), Деваштич (Ганчи), Шахристан, Ашт, Матча ж.б. Согд аймагында кыргыздардын ичкилик тобунун чапкылдык, ават, найман, чүчүк, каңды, кесек (бөксө, чүчүк), тейит, тагайберди, кызыл аяк ж.б. уруулары жашашат.

Кыргыздардын көпчүлүгү бул аймактын жергиликтүү элибиз деп эсептешет. Мисалы Исфара районуна караштуу Матпари, Данахол, Кыргыз кыштак, Наркозу айылдарында, Канибадам районунун Жигдели, Маданият айылдарында, Гафуров районунун Сада ж.б. айылдарында, Дж. Расулов районунун Чуулдак, Селкен, Шахристан райондорунда Бүрөгөн (Фирдавсй), Мукур айылдарында илгерттен эле жалаң кыргыздар жашап келген [АТМ 1].

Согдунун Исфара районундагы кыргыздар өздөрүн бул аймактын жергиликтүү элибиз деп эсептешип, аксакалдары 16 ата-бабалары ушул жерде жашап, Исфарага жакын Кара-Тоо жайлоосунда жайлоолоп, Матпари айлылында кыштагандыгын айтышат. Исфарада кыргыздардын келип отурукташып калышы тууралында Матпари айылынын аксакалдарынын айтымында бир канча варианттары да бар. Кыргыз кыштак (азыркы аталышы Янгиабад) айылында бүгүнкү күндө 2400дөн ашуун кыргыздар жашайт. Бул жердеги кыргыздар Лейлек районунун Маргун, Дархум жана Севистан айылдарынан көчүп келип, ата-бабалары арык ачып, ушул айылда олтурукташып калганына 350 жылдан ашканын айтышат [АТМ 2]. Жергиликтүү аксакалдардын айтымы менен болжол менен XVII (1668-ж.) кылымга таандык. Алар байыртадан эле Лейлек районунун Беш-Көл, Лайлины Чаты, Кара-Сай, Каптаркана, Өрөм, Жети көпүрө жайлоолорунда мал багып келген эл болгон. Исфара дарыясынын эки тарабында кыргыздардын эски мазары бар. Айылда негизинен кыргыздардын чапкылдык уруусу жашайт. К.Батыровдун «Чапкылдыктар» деген китебинде «Чапкылдыктар XVII-XVIII кылымдарда калыптанган кыргыз урууларынын бири. Алар Лейлек районунун Булак-Башы, Ак-Арык, Эски оочу, Шакмыр жана Тажик Республикасынын Канибадам районунун Жигдали (Санжиздар), Сада айылдарында ата-бабалары жашагандыгы тууралында жазылган [3, 6-б.]. Кыргыздар Жигдали айылдында Кокон хандыгы Ак Бото бийдин мезгилинде жашагандыгын айтылып келет. Сыр-Дарыянын жээгинде жайгашкан бул айыл азыркы Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Лейлек районуна караштуу Коминтерн колхозунун бир участкасы болуп келген. 1932-жылдарда Тажик Республикасына өтүп калган. Бул боюнча К. Батыровдун «Чапкылдыктар» деген китебинде да айтылат. Анда «1926-1928-жж. Совет бийлиги тарабынан түзүлгөн расмий картада Жигдали, Шороп, Матпари, Кыргыз кыштак, Мазар тал, Сада ж.б. Лейлекке, Баткенге чектеш айылдар, жерлери менен кошо Кыргызстандын аймагында көрсөтүлгөн. 1932-жылы Исфанадан келүүчү кыргыз жетекчилеринин оройлугун шылтоолоп, Жигдали элинин бир нече өкүлдөрү тажик бийликтерине арыз жазып, Тажикстандын курамына өтүп калышкан» деп жазылган [6, 45-128-бб.].

Шахристан районунун Бүрөгөн (Фирдавсй) айылында бүгүнкү күндө 500 кожолук, Мукурда 200 ко-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жолук кыргыздар жашайт. Булар кесек уруусунун бөксөсүнөн болушат. Кээ бирлери Кокон хандыгынын мезгилинде Исфанадан Төрөкул бий азыркы Шахристан тарапка качып барган. Биз ошонун урпактарынанбыз дешет. Кээ бирлери 5 атасы ушул жакта жашап өткөндүгүн айтышса, кээ бирлери кыргыздардын бул аймакта жашагандыгына 300 жыл болгондугун айтышат. Кээ бирлери кыргыздар азыркы Лейлек районунун Ак-Суу айылынан көчүп барып отурукташып калгандыгын айтышат. Ал эми азыркы Дж.Расулов районундагы Казнак айылында жашаган кыргыздар да кайсы бир жылдары Шахристандан көчүп келишкен.

Жогоруда окумуштуулардын жана жергиликтүү информаторлордун пикирин эске алып, азыркы Тажикстандын Согд областынын Кожент, Гафуров, Исфара, Канибадам, Шахристан райондорундагы кыргыздар байыртадан байыр алып келген эл жана Исфара районундагы Матпари, Данахол, Шороп, Наркозу, Кыргыз кыштак жана Канибадам районундагы Жигдали, Маданият, Шахристан районуну Бөрөгөн, Мукур айылдары кыргыздардын ата-бабалары мекендеп келген ата-журту деген тыянакка келсе болот.

Ал эми Дж.Расулов, Спитамен, Деваштич райондорунда жашаган кыргыздар азыркы Баткен областынын Лейлек районунун Көк-Таш айылынан жакынкы 1930-жылдан 1960-жылдарга чейинки аралыкта барып отурукташып калышкан. Аксакалдары «Ачарчылык мезгилинде көчүп келип калганбыз» деп айтышат [АТМ 3]. Ал эми Дж.Расулов районунун Казнак айылында жашаган кыргыздар согуштан кийинки мезгилдерде Оро-Төбөдөн (азыркы Шахристан районунун Бөрөгөн айылынан) көчүп келгенбиз дешет [АТМ 4].

Бүгүнкү күндө Спитамен районунун Куркат, Мехнатобод, Тогояк, Бөрү качар, Андар-Сай, Каллахона, Кош-Тегирмен айылдарында жалпы 400гө жакын кыргыздар жашашат. Оро-Төбө, Дж.Расулов, Ганчи райондорунун айыл-кыштактарында да кыргыздар жашашат. Бул жакта жашаган кыргыздар Лейлек районунун Көк-Таш, Ак-Суу, Чимген айылдарынан көчүп баргандар. Дж. Расулов, Спитамен райондорунда ичкиликтин бөксө, чүчүк, тейит, тагайберди, канды, кызыл аяк уруулары жашашат [АТМ 5]. Лейлек элинин ачарчылык, кыйын кезең мезгилде эмне себептен азыркы Тажикстандын аймагына көчүп барышты деген суроого, жергиликтүү аксакалдар илгери Саркенттен Куркентке чейин биздин ата-бабаларыбыз байырлап келген жерлер болгон дешет. Эл оозунда мындай окуя айтылып жүрөт. Илгери бир байдын ушул аймакта чоң ээлген жери болгон. Ал 4 уулуна кожою Куркант, кожою Сарек, кожою Медь, кожою Саркентти бөлүп берет. Сарек лейлек районунун Ак-Суу айылынын Үч-Дөбө айылына жакын, Саркент Лейлек районунда жайгашкан жайлоо, Куркент, Медь азыркы Спитамен, Дж.Расулов райондорунда жайгашкан чоң айылдар.

Мурда кыргыздар малчылык менен кесиптенишип, азыркы Спитамен районуна караштуу Кош-Тегирмен, Демай, Катмада кыштап, Лейлектин Төө Жайлоосунда жайкысын малын баккан экен. Себеби бул аймактар суусу жок чөл болгондуктанээн талааларда кыргыздар малын жайып багып жүрүшкөн дешет. Кийинчерээк бул аймактарга каналдар казылып, суу чыгарылып, пахта өстүрүлө баштаганда кыргыздар мал жайы менен азыркы Лейлек районунун тоо тарабына ооп олтурукташып калышкан деп айтышат.

Ачарчылык мезгилинде Тажикстан тарапка кеткенинин бир себеби эски ата-журтуна баш баанек издеп барышкан. Алар бул жакка көчүп келип тажиктердин жерине иштеп, малын багышып бир тобу ошол жакта отурукташып калышкан. Бул жакта кыргыздар өзбектер менен аралашып жашашат. Исфара, Спитамен, Дж. Расулов, Шахристан райондорунда «Кыргыз кыштак», «Наркозу», Бүрөгөн деген аталыштарда кыргыз айылдары бар. Бул жерде жалаң кыргыздар жашап келишет. Демек кыргыздар бул жерлерде көптөгөн кылымдар жашап келе жатканын байкасак болот.

Эгер бул айыл-кыштактарга, тарыхый жерлерге илимий экспедициялар, илимий-изилдөө иштери уюштурулса бир канча тарыхый фактылар топтолмок. Жергиликтүү кыргыздардын арасында санжыраны, тарыхты, улуттук макал-лакаптарды, уламыштарды билген кары-картаңдар сейректешип бара жатат. Ал эми кийинки муун болсо дээрлик кыргыз элинин улуттук белгилери менен баалуулуктардан тааныштыгы жок.

**Адабияттар:**


1. А. Жаныбеков, Ата-Мекен тарыхы астанадан башталат. Б., 2017;
2. Бушков В.И. Таджикистан XIX-XX вв. Традиции и современность – М;
3. Турсунов Н.О. Сложение и пути развития городского и сельского населения Северного таджикистана - Душанбе: Ирфон, 1976;
4. Турсунов Н.О. Развитие городских и сельских поселений Северного Таджикистана в XVIII- начале XXвв. – Душанбе: Ирфон.1991;)
5. Ахмадеев Н.А. Тюркоязычное население Северного таджикистана (Расселение и хозяйство) АКД – М., 1982;
6. К. Батыров, Чапкылдыктар тарыхы, Б., 2010 .
7. Канназарова Б.У. Национальная традиционная одежда согдийских кыргызов. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 11. С. 100-101.
8. Канназарова Б. Кыргызы Согд. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 7. С. 124-126.


**Маалымат бергендер:**

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



1. Жаманбаев Мурза, 78 жашта, уруусу абаттын токмок уруусунан, пенсинер, Исфара районунун Даханакөл айылынын тургуну.
2. Назаров Алимкул, 60 жашта, абат уруусунун токмок урусунан, Исфара районунун Матпари айылынын ден соолук борборунун башчысы, Даханакөл айылынын тургуну.
3. Жүнайдуллаев Саттар, Спитамен району, Куркант айылы, 85 жашта, чүчүк уруусунан.
4. Жабборов Шухрат, 44 жашта, Казнак айылы, бөксө уруусунан. 2017-ж..
5. Хоолов Бакыбек, Спитамен району, Тогояк айылы, 78 жашта, чүчүк уруусунан.